MANAS Sosyal Araştırmalar Dergisi 2023 Cilt: 12 Sayı: 3
MANAS Journal of Social Studies 2023 Volume: 12 No: 3
ISSN: 1694-7215
Research Paper / Araştırma Makalesi

# 6-класс “Кыргыз тили” окуу китебин баалуулуктарды камтуу контекстинде анализдөө

Арген ЖУМГАЛБЕКОВ[1], Мехмет Ариф ӨЗЕРБАШ[2]

**Абстракт**
Бул изилдөөнүн максаты - 6-класстар үчүн “Кыргыз тили” окуу китебинде орун алган тексттерди Шварцтын баалуулуктар топтому таблицасына жараша талдоо болуп саналат. Маалыматтарды топтоодо сапаттык изилдөө методунун маалымат топтоо ыкмаларынын бири болгон документ анализи колдонулган. Изилдөөнүн маалыматтарын талдоодо дескриптивдүү анализ ыкмасы колдонулган. Бул контекстте 6-класс “Кыргыз тили” окуу китебиндеги 28 текст талдоого алынган. Тексттердеги баалуулук түшүнүктөрүн камтыган сүйлөмдөр тиешелүү баалуулук категориясына киргизилип, ар бир маанинин жыштыктары тексттер боюнча өзүнчө эсептелген. Шварцтын баалуулуктар топтому: күч, ийгилик, гедонизм, стимуляция, өзүн-өзү башкаруу, универсализм, филантропия, каада-салт, адаптация (ылайыкташуу), коопсуздук суб-бааллуктарынан турат. Изилдөөнүн жыйынтыгында, 6-класстар үчүн кыргыз тили окуу китебинде орун алган тексттерде Шварцтын баалуулуктар топтомундагы баалуулуктар 183 жолу эскерилгендиги аныкталган. Адаптация (ылайыкташуу), универсализм, каада-салт жана коопсуздук баалуулуктары көбүрөөк, ал эми, стимуляция, күч жана гедонизм баалуулуктары азыраак камтылгандыгы аныкталган.

*Ачкыч сөздөр:* Билим берүү, кыргыз тили, окуу китеби, баалуулуктар

## Analysis of the 6th Grade Kyrgyz Language Textbook in The Context of Inclusion of Values

**Abstract**
The aim of this study is to analyze the texts in the 6th grade Kyrgyz Textbook according to Schwartz's Value Groups Table. In the study, document analysis, one of the qualitative research methods, was used in compiling the data. Descriptive analysis method was used in the analysis of the research data. Within the scope of the research, 28 reading texts in the 6th Grade Kyrgyz Textbook were examined. Sentences containing value expressions in the texts were included in the relevant value category, and the frequencies of each value were calculated separately according to the texts. Schwartz's Value Groups consist of the sub-values of power, achievement, hedonism, stimulation, self-direction, universalism, benevolence, tradition, harmony and security. As a result of the research, it was determined that the values in Schwartz's Table of Values were included 183 times in the texts in the 6th Grade Kyrgyz Language Textbook. While harmony, universalism, tradition and security values stand out as frequently used values, stimulation, power and hedonism seem to be used less compared to other values.

*Key Words:* Education, Kyrgyz language, textbook, values

**Atıf İçin / Please Cite As:**

Cumgalbekov, A., & Özerbaş, M. A. (2023). 6-klass “Kyrgyz tili” okuu kitebin baaluuluktardy kamtuu kontekstinde analizdoo. *Manas Sosyal Araştırmalar Dergisi, 12*(3), 885-894. doi:10.33206/mjss.1241015

**Geliş Tarihi / Received Date:** 23.01.2023 **Kabul Tarihi / Accepted Date:** 21.03.2023

[1] Докторант - Кыргыз-Түрк “Манас” университети, Коомдук илимдер институту, педагогика, argenzhumgalbekov@gmail.com,
ORCID: 0000-0002-6238-9029
[2] Проф. докт. - Кыргыз-Түрк “Манас” университети, Гуманитардык факультет, педагогика бөлүмү, marif.ozerbash@manas.edu.kg,
ORCID: 0000-0002-1612-9349

## Киришүү

Окуу процессинде колдонулган окуу материалдарынын башында окуу китептери турат. Окуу китептери окуучулардын көздөлгөн жүрүм-турумга ээ болушуна жардам берүүдө маанилүү орунга ээ (Şakiroğlu, 2020). Адатта, окуу предметтеринин программалары билим берүүнүн мамлекеттик стандарттарына ылайык түзүлүп, ал эми окуу китептери ошол программаларга карата иштелип чыгат, бул мурдатан болуп келген салт, эми деле ошол салт бузула элек (Турдугулов, 2020). Окуу китеби – белгилүү окуу предмети боюнча окутуунун максаттарына ылайык программалык жана дидактикалык талаптарга негизделген илимий билимдердин негиздерин баяндоочу китеп (Усубалиева, 2015). Окуу жайларынын ар бир тиби үчүн, окуу жайларынын талаптарына жооп бере алгыдай, окуучулардын жаш-курактык өзгөчөлүктөрүнө туура келгидей өзүнчө окуу китеби түзүлөт (Усубалиева, 2015). Жакшы даярдалган окуу китеби мугалимдерге да, окуучуларга да чоң пайда алып келет. Башка окуу куралы жок болгон учурда да, мугалимге багыт берип, каалаган натыйжага жетүүсүнө көмөк көрсөтөт. Окуу китептери билим берүү жана тарбиялоо процессиндеги иш-аракеттерге мугалим менен окуучуга коюлган максаттарга ылайык багыт берет (Yılmaz ve Korkmaz, 2017). Билим берүү системасындагы коюлган максаттарга жетүү үчүн окуу китептеринин окуучуларга эң аз ката менен жеткирилиши керектиги шексиз.

Кыргыз тили сабагы, башка сабактардын маңыздуу окутулуусунда, окуучулар тарабынан эне тилинин үйрөнүлүүсүндө да чоң мааниге ээ. Кадочникова (2005) адилет белгилегендей "*Тил – бул маданияттын күзгүсү. Анда адамды курчап турган чыныгы дүйнө, анын жашоосунун чыныгы шарттары гана эмес, элдин коомдук аң-сезими, менталитети, улуттук мүнөзү, жашоо образы, каада-салттары, адеп-ахлактуулугу, баалуулуктар системасы, дүйнө таанымы да чагылдырылат*" (Кадочникова, 2005). Бул жагынан алганда кыргыз тили сабагы тилди өнүктүрүү жана башка сабактарды үйрөнүүгө негиз түзүү жагынан да чоң мааниге ээ. Ал эми, "Кыргыз тили" окуу китебиндеги текстти колдонуу, ал боюнча иштөө, тексттин окутуудагы ролу менен маанисине токтоло турган болсок, Сурановaнын (2013) белгилөөсүндө, кыргыз тилин окутууда текстти колдонуунун тарыхы кыргыз тилин окутуунун тарыхы менен бирге башталып, окутуунун ажырагыс составдык бөлүгү болуп саналат. Тексттерди сабакта колдонуу алгачкы алиппелерден башталып, ал кийинки окуу китептеринде, окутуунун өзүндө салт катары улантылып келген (Суранова, 2013). Текст - окуу китебинин маанилүү компоненти катары окуучунун ошол предметтен ала турган билими менен билгичтиктерин, көндүмдөрүн калыптандыруучу окуу материалы (Турдугулов, 2022). Негизги маселе: тандалган жана окуу китебинде орун алган тексттер окуучулардын кандай баалуулуктарга ээ болуусун шарттайт? 2018-жылы 5-9-класстар окутуу кыргыз тилинде жүргүзүлгөн орто мектептер жана гимназиялар үчүн иштелип чыккан Кыргыз тилинин программасында, кыргыз тилин окутуунун жалпы милдеттеринин арасында "*баалуулук - окуучуну эне тилин улуттук улуу дөөлөт, сыймык, маданият катары кабыл алып, аны тарыхый-руханий мурас деп таанып, аны менен сыймыктанууга, коргоого жана колдонууга көнүктүрөт. Эне тили аркылуу улуттук баалуулуктарды, жалпы адамзаттык рухий дөөлөттөрдү өздөштүрүүгө, барктап-баалоого үйрөтөт*" – деп белгиленген (Кыргыз тили программасы, 2018).

Шварц жана Билски (1987) баалуулуктарды адамдын максаттарына жетүүдөгү жүрүм-туруму менен байланышкан ишенимдер катары аныкташат. Алар ошондой эле баалуулуктарды алардын маанилүүлүгүнө жараша тизмектөөгө болорун көрсөтүшкөн. Ошентип, баалуулуктар ар бир адам үчүн маанилүү болгон жана бир адамды башкалардан айырмалоочу факторлор болуп саналат (Akt. Özgür, 2013). Шварцтын (1992) эмгектеринде, баалуулуктар адамдар, топтор жана коомдор тууралуу ачык-айкын маалымат берүү мүмкүнчүлүгүнө ээ экендиги белгиленген. Мындан, баалуулуктар инсандарды башка инсандардан айырмалоочу факторлор гана эмес, ошондой эле топторду жана коомдорду башка топтордон жана коомдордон айырмалоочу факторлор деп чечмелесе болот. Өзгүрдүн (2013) белгилөөсүндө, баалуулуктар менен байланышкан дагы бир өзгөчөлүк – дүйнөнүн тынымсыз өзгөрүүдө болгондугунда. Дайыма өзгөрүп турган дүйнөдө, эгерде адамдардын баалуулуктары өзгөрүүгө ийкемдүү болбосо, келишпестиктердин, чыр-чатактардын чыгуу ыктымалы жогору (Özgür, 2013). Азыркы ааламдашуу мезгилинде балдарды бүткүл адамзаттык баалуулуктардын негизинде тарбиялоо иши өтө актуалдуу маселе катары каралууда. Анткени, жаш балдарды тарбиялоонун фундаменти адамзаттык баалуулуктарга негизделбесе, анда аларды чоңойгон өспүрүм кезинде эч кандай баалуу нерселерди дүйнөлүк жана улуттук масштабда көрө

алышпайт (Кадырова, 2020). Белгиленген аныктамалардан тыянак алына турган болсо, окуучулардын бүткүл адамзаттык же маданий баалуулуктарга ээ болуусуна дүйнө динамикасы, технология, таалим-тарбия, билим берүү сыяктуу бир катар факторлор түздөн-түз таасир этет.

Изилдөөгө байланыштуу адабияттарды карап чыгуунун натыйжасында, кыргыз илимий адабиятында окуу китептерин баалуулуктарды камтуу контексинде талдоо максатында жүргүзүлгөн изилдөө иштеринин жокко эсе экендиги байкалды. Окуу китептеринин улуттук жана бүткүл адамзаттык баалуулуктарды өткөрүп берүүдө маанилүү окуу куралы экендиги эске алына турган болсо, бул көрүнүш изилдөөбүздүн маанилүүлүгүн айкындайт.Изилдөө ишибиз, темага байланыштуу алдыда жүргүзүлө турган изилдөөлөргө, окуу китептерин даярдоо иш-чараларына булак боло алаары күтүлөт. Бул контекстте, изилдөөнүн максаты 6-класстар үчүн “Кыргыз тили” окуу китебинде орун алган тексттерди баалуулуктарды камтуу контексинде талдоо болуп саналат. Бул негизги максаттын алкагында төмөнкү суроого жооп изделди:

1. 6-класстар үчүн “Кыргыз тили” окуу китебиндеги тексттерде камтылган баалуулуктардын Шварцтын баалуулуктар топтому таблицасына карата таркалуусу кандай?

## Изилдөөнүн методу

Бул изилдөөдө маалыматтарды топтоодо сапаттык изилдөө методунун маалымат топтоо ыкмаларынын бири болгон документ анализи колдонулган. Документ анализи – изилденүүсү максатталган фактылар жөнүндө маалыматтарды камтыган, жазуу түрүндөгү материалдарды талдоону камтыйт (Şimşek ve Yıldırım, 2011). Документ анализи алкагында 2015-жылы Садык Үсөналиев тарабынан даярдалган 6-класстар үчүн “Кыргыз тили” окуу китебиндеги тексттер, камтыган баалуулуктар боюнча талданган.

### Маалымат топтоо жана анализдөө

Изилдөөнүн маалыматтарын талдоодо дескриптивдүү анализ ыкмасы колдонулган. Дескриптивдүү анализде керектүү бир рамканы түзүү, маалыматтарды тематикалык алкак боюнча иштеп чыгуу, жыйынтыктарды аныктоо жана бул жыйынтыктарды чечмелөө керектелет (Şimşek ve Yıldırım, 2011). Бул контекстте 6-класс “Кыргыз тили” окуу китебиндеги 28 текст бирден каралып, камтылган баалуулуктар боюнча талдоого алынды. Изилдөөнүн баалуулук анализи адабий тексттердеги баалуулуктарды аныктоо үчүн колдонулган жана өзүнчө өлчөө куралына айланган, ичине улуттук жана бүткүл адамзаттык баалуулуктарды камтыган "Шварцтын баалуулуктар топтому таблицасындагы" критерийлерге ылайык жүргүзүлгөн. Шварцтын баалуулуктар топтомунун, моделинин комплекстүүлүгү, ичине улуттук жана бүткүл адамзаттык баалуулуктарды камтыгандыгы, баалуулуктардын өзгөчөлүктөрүнө жараша туура классификациялангандыгы, ынанымдуулук жана ишенимдүүлүк индекстеринин эл аралык деңгээлде аныкталгандыгы, аталган топтомду изилдөө ишибизде колдонуубуздун негизги себеби болду.

Шварц, Рокичтин (1973) тизмесиндеги 36 баалуулукка, адабияттардагы баалуулуктарды кошуу менен 56 баалуулукту камтыган тизмесин түзгөн. Арасында Түркия болгон 54 өлкөдө изилдөө жүргүзүү менен баалуулуктардын өлчөмдөрү боюнча жарамдуулук жана ынанымдуулук изилдөөлөрүн жүргүзгөн. Бул изилдөөлөрдүн натыйжасында, Шварц адамзаттын жалпы муктаждыктарына негизделген баалуулуктарды он топко чогулткан (Kuşdil ve Kağıtçıbaşı. 2000). Мындан тышкары, бул өлчөө куралынын негиздүүлүгү жана жарамдулугу да далилденген (Altun, 2015). Аталган өлчөө куралынын түрк тилиндеги варианты Шакироглунун (2020) эмгегинен алынган жана кыргыз тилине изилдөөчү тарабынан которулган. Котормонун кыргыз тилине дал келүүсү боюнча, кыргызча-түркчө котормо адисинин кеңештери алынып, акыркы формасы даяр абалга келген. Шварцтын баалуулуктар топтомунун кыргыз тилиндеги формасы, топтомдун мазмунун, түзүмдөрүн ачык-айкын көрсөтүү максатында №1 таблицада берилген.

**№1 Таблица.** *Шварцтын баалуулуктар топтому таблицасы*

| | *Баалуулук* | *Өзгөчөлүгү* | *Камтыган баалуулуктар* |
|---|---|---|---|
| Өзүн-өзү өнүктүрүү | **Күч** | Коомдук абалды, адамдарды жана ресурстарды көзөмөлдөө, контролдоо күчү | Коомдук бийликке ээ болуу, бай болуу, коомдо өзүнүн социалдык образын коргоо, эл тарабынан кабыл алынуу, бийликке ээ болуу, эр жүрөк болуу |
| | **Ийгилик** | Коомдук стандарттарга негизделген адамдардын ийгилик ыкмасы | Ийгиликтүү болуу, компетенттүү, амбициялуу болуу, таасирдүү болуу, интеллектуалдуу болуу, өнөрлүү болуу |
| | **Гедонизм** | Ырахат жана сезимдердин өздүк канааттандырылуусу | Ырахат, жашоонун даамын татуу, өздүк каалоолорго багытталгандык, сүйүүгө умтулуу |
| Өзгөрүүгө/Инновацияга ийкемдүүлүк | **Стимуляция** | Толкундануу, жашоого чакырык таштоо жана жаңычылдыкка умтулуу | Кайраттуу болуу, өзгөчө жана кызыктуу өмүр сүрүү, жаңычылдыкка ийкемдүүлүк |
| | **Өзүн-өзү башкаруу** | Эркин ойлонуу жана иш-аракетти аткаруу, изилдөө жана анализ | Чыгармачыл болуу, кызыгуу, эркин болуу, өз максатын тандай билүү, көз карандысыз болуу, өзүн сыйлай билүү, эмгекти сүйүү |
| Өзүн-өзү ашып өтүү | **Универсализм** | Түшүнүктүү, сезимтал жана толеранттуу болуу, адамдардын жана жаратылыштын жыргалчылыгына кам көрүү | Ачык ойлуу болуу, социалдык адилеттүүлүк, теңчилик, тынчтыкта, сулуулукка толгон дүйнөнү каалоо, жаратылыш менен гармонияда болуу, айлана-чөйрөнү коргоо, ички гармония |
| | **Филантропия** | Жеке байланышта болгондордун жыргалчылыгына кам көрүү, көмөк көрсөтүү жана коргоо | Жардамдашууну жактыруу, чынчыл болуу, кечиримдүү болуу, ишеничтүү болуу, жоопкерчиликтүү болуу, чыныгы достук, жетилген сүйүү, руханий жашоо, маңыздуу жашоо |
| Консерватизм | **Каада-салт** | Диндин же салттуу маданияттын кээ бир үрп-адаттарын жана идеяларын кабыл алуу, аткаруу жана сыйлоо | Момун болуу, ыймандуу болуу, динин тутунуу жашоо эмнени берсе кабыл алуу, каада-салтты сыйлоо, орточо болуу, дүр-дүнүйөдөн алыс болуу, сабырдуу болуу |
| | **Адаптация (ылайык келүү)** | Коомдук нормаларды жана стандарттарды бузуу, башкалардын тынчын алуу же зыян келтирүү сыяктуу аракеттерге ылайыктуу импульстарды жана тенденцияларды чектөө. | Боорукер болуу, тил алчаак элпек болуу, ата-энеге, улууларга кайрымдуу болуу, өзүн контролдой билүү |
| | **Коопсуздук** | Коомдун, мамилелердин жана инсандын өзүнүн коопсуздугу, тынчтыгы жана туруктуулугу | Улуттук коопсуздук, коомдук тартиптин болушун каалоо, тазалыкка умтулуу, үй-бүлө коопсуздугун сактоо, өз ара байланыштарды бекемдөө, ден соолукту сактоо, сыр сактай билүү, патриотизм |

(Küçük, 2016; Şakiroğlu, 2020)

Тексттердеги баалуулуктардын Шварцтын баалуулуктар топтомунун таблицасы менен шайкештигин карап чыгууда кыргыз тили тармагындагы адистердин пикири алынган.

## Табылгалар

Бул бөлүмдө чогултулган маалыматтардын талдоосунун натыйжасында алынган жыйынтыктар изилдөөнүн максатына ылайык иреттелген жана чечмеленген.

6-класс кыргыз тили окуу китебиндеги тексттерде камтылган баалуулуктардын Шварцтын баалуулуктар топтому таблицасы боюнча бөлүштүрүлүшү №2 таблицада көрсөтүлгөн.

**№2 Таблица.** *6-класс кыргыз тили окуу китебиндеги тексттерде камтылган баалуулуктардын Шварцтын баалуулуктар топтому таблицасы боюнча бөлүштүрүлүшү*

| *Тексттер* | *Шварцтын баалуулуктар топтому* | | | | | | | | | | *f* |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | **Күч** | **Ийгилик** | **Гедонизм** | **Стимуляция** | **Өзүн-өзү башкаруу** | **Универсализм** | **Филантропия** | **Каада-салт** | **Адаптация (ылайыкташуу)** | **Коопсуздук** | **ЖАЛПЫ** |
| **1. Арстанбектин ак бата** | 1 | - | - | - | - | 2 | 3 | - | 1 | 4 | 11 |
| **2. Ата-энени ардактоо жөнүндө** | - | - | - | - | - | 1 | 1 | 1 | 5 | - | 8 |
| **3. Сенин милдетиң** | - | - | - | - | - | - | 1 | 1 | 5 | - | 7 |
| **4. Баладан урмат көр** | - | 1 | - | - | - | 1 | 1 | 1 | 5 | - | 9 |
| **5. Өнөр менен көркөм өнөр жөнүндө** | 1 | 3 | - | 1 | 1 | - | - | 1 | - | - | 7 |
| **6. Атак-даңк жөнүндө** | 1 | 1 | 1 | 1 | 1 | - | 1 | - | 1 | - | 7 |
| **7. Ысык-Көл - кыргыз жергесинин керемети** | - | - | - | - | - | 3 | - | - | - | 2 | 5 |
| **8. Эне** | - | - | - | - | - | 1 | 2 | 1 | 4 | - | 8 |
| **9. Токтогул** | - | - | 3 | 1 | 1 | - | - | - | - | - | 5 |
| **10. Аккоён** | 1 | 1 | - | 1 | 1 | - | 2 | 1 | - | 3 | 10 |
| **11. Мерген менен суречки** | 1 | 2 | 1 | - | - | 1 | - | 1 | - | 1 | 7 |
| **12. Дыйкан** | - | - | - | - | 3 | - | - | 1 | 3 | - | 7 |
| **13. Мен ыйлаганда** | - | - | - | - | - | - | 1 | 1 | 1 | 1 | 4 |
| **14. Эненин алкышы** | -- | 2 | - | - | - | - | 2 | - | 5 | - | 9 |
| **15. Бай жана ит** | - | - | - | - | - | 3 | 1 | 2 | 2 | - | 8 |
| **16. Жыландын жардамы** | - | - | - | - | - | 1 | - | 1 | - | - | 2 |
| **17. Нан** | - | - | - | - | 2 | - | - | 2 | 2 | - | 6 |
| **18. Жардам** | - | 1 | - | - | - | 4 | - | 1 | 2 | - | 8 |
| **19. Жеңишти күт** | - | - | - | - | - | - | - | - | 1 | 2 | 3 |
| **20. Кызыл желек** | 2 | - | - | 1 | - | - | - | - | - | 3 | 5 |
| **21. Дос** | - | 1 | - | - | - | 3 | 4 | - | 1 | - | 9 |
| **22. Султанмурат** | - | - | 2 | - | 2 | - | - | - | - | - | 4 |
| **23. Касиеттүү төрт сөз** | - | - | - | - | 1 | 1 | - | 3 | 1 | - | 6 |
| **24. Кармаш** | 1 | 1 | - | - | - | 2 | - | - | - | - | 4 |
| **25. Сүйүнчү** | - | 1 | 1 | - | - | - | - | - | 2 | 2 | 5 |
| **26. Кыздын акылы** | - | - | 1 | - | 1 | - | - | 4 | 2 | - | 7 |
| **27. Обон** | - | 3 | - | - | 1 | - | - | - | - | - | 4 |
| **28. Сенин милдетиң** | - | - | - | - | 2 | 2 | - | - | - | 4 | 8 |
| **ЖАЛПЫ** | **8** | **17** | **9** | **4** | **16** | **25** | **19** | **22** | **41** | **22** | **183** |

№2 таблицада көрүнүп тургандай, 6-класс "Кыргыз тили" окуу китебиндеги тексттерде Шварцтын баалуулуктар топтому таблицасы боюнча адаптация (ылайыкташуу) (f=41), универсализм (f=25), каада-салт (f=25) жана коопсуздук (f=25) баалуулуктары көбүрөөк камтылган. Ал эми, стимуляция (f=4), күч (f=8) жана гедонизм (f=9) баалуулуктары эң аз кездешкен баалуулуктар экендиги аныкталган. Окуу китебинде орун алган тексттердин ичинен "Арстанбектин ак бата" (f=11), "Аккоён" (f=10), "Баладан урмат көр" (f=9), "Эненин алкышы" (f=9) жана "Дос" (f=9) тексттери көбүрөөк баалуулук камтыган тексттер экендиги көрүлгөн.

Шварцтын баалуулуктар топтому деңгээлдерине карата каралганда, окуу китебинде кандай адам моделинин алдыга чыгарылгандыгын көрүүгө болот. Өзүн-өзү өнүктүрүү (күч+ийгилик+гедонизм/2), Өзгөрүүгө/Инновацияга ийкемдүүлүк (стимуляция+өзүн-өзү башкаруу+гедонизм/2), Өзүн-өзү ашып өтүү (универсализм+филантропия) жана Консерватизм (каада-салт+адаптация (ылайык келүү)+коопсуздук) деңгээлдери, алар камтыган баалуулуктардын суммасы менен төмөнкүдөй жыйынтыкты берет:

Өзүн-өзү өнүктүрүү: 8+17+4,5=29,5 (16,1%)

Өзгөрүүгө/Инновацияга ачыктык: 4+16+4,5=24,5 (13,38%)

Өзүн-өзү ашып өтүү (Өзүнөн күтүлгөндөн ашыкчасын кылуу): 25+19=44 (24%)

Консерватизм: 22+41+22=85 (46,44%).

***6-класс "Кыргыз тили" окуу китебиндеги Шварцтын баалуулуктар топторуна мисалдар:***

***Күч.***

*- Бийибиз элди чогултуп алып: «Боз үйдүн түндүгүнөн бакан көтөрөм. Бакандын учуна ийне саям. Ким ошол ийненин көзүн жыра атса, мен анын каалаганын аткарам. Ата албаса, канын суудай агызам», - деди. Эч кимиси даай албай, апкаарып жатышат, - дейт.*

*Анда Аккоён:*

*- Мен атам, - деп чыккан экен. Ал атын катуу чаап келатып, бакандын башындагы ийненин көзүн жыра атат.*

*Буга эл-журт абдан ыраазы болуп, бий айтканынын баарын аткарган экен.* («Аккоён" текстинен)

Жогорудагы үзүндүдө, Шварцтын баалуулуктар таблицасындагы *Күч* баалуулугунун категорияларынан болгон коомдо өзүнүн социалдык образын коргоо, эл тарабынан кабыл алынуу, эр жүрөк болуу баалуулуктары чагылдырылгандыгын көрүүгө болот.

***Ийгилик***. *"Сен өзүң тырышып жетишкен окумуштуу, философ, дарыгер, мугалим же болбосо уста деген наамдардын сага берилиши, ыйгарылышы чоң сыймык жана урмат. Тырышып, чымыркanып, жакшы атакка ээ бол, жет."* ("Атак-даңк жөнүндө" текстинен)

Жогорудагы сүйлөмдөрдө, максат коюу, талыкпас эмгек менен гана ийгиликке, атак-даңкка, компетенттүүлүккө жетүүгө болору айтылган. Бул дагы, Шварцтын баалуулуктар таблицасындагы Ийгилик баалуулугуна шайкеш келет.

***Гедонизм***. *"Дөбөдө отуруп, Алымкандардын үйүн карап отурду. Үйдүн эшиги ачылса эле Алымкан чыккандай көрүнөт. Акын дегдейт, жүрөгү алеп-желеп болот, көңүлү сүйүнөт."* ("Токтогул" текстинен)

Жогорудагы сүйлөмдөрдө гедонизм баалуулугунун суб-категорияларынан болгон, ырахат алуу жана сүйүүгө умтулуу субкатегорияларынын чагылдырылышын көрүүгө болот.

***Стимуляция***. *"Лиза коркпостон мунаранын башына чыкты да, кызыл жоолугун мунаранын чокусуна желбиретип байлап, дароо түшүп кетти. Кызыл желек беш күнгө чейин илинип турду. Буга немецтер аябай жинденишти".* ("Кызыл желек" текстинен)

Берилген сүйлөмдөрдө бир толкундануу, жаңы жашоого чакырык таштоо, умтулуу, кайраттуулук чагылдырылып турат. Бул да, Шварцтын баалуулуктар таблицасындагы Өзгөрүүгө/Инновацияга ачыктык темасында орун алган стимуляция баалуулугуна шайкеш келет.

***Өзүн-өзү башкаруу.***

*"- Айтканыңыз чын. Түшүмдү эмгегиме жараша көп алам, - дептир дыйкан жигит.*

*- Анча аштыкты эмне кыласың, - дептир Жакел.*

*Жигит:*

*- Бир бөлүгүн карызыма берем, бир бөлүгүн карызга берем, бир бөлүгүн өзүм каржылайм, - дептир."* ("Дыйкан" текстинен)

Жогорудагы үзүндүдө, эмгекти сүйүү, эмгектин үзүрүн көрүү, көзкарандысыздык чагылдырылган. Бул болсо, Шварцтын баалуулуктар таблицасындагы Өзүн-өзү башкаруу баалуулугунун суб-категорияларынан болгон көзкарандысыздык, эмгекти сүйүү баалуулуктарына туура келет.

***Универсализм.*** *"Ачка араң жан калган балапандарга боорум ооруду. Таш оодарып, нымдуу чымды аңтарып, курт издедим. Эптеп ач балапандарды тойгуздум.*

*Энеси дале келген жок. Көрсө, балдар ойноп жүрүп, энесин рогатка менен атып өлтүрүптүр. Күндө келип, балапандарды багып жүрдүм. Бат эле чоңоюшуп, учууга жарап калышты."* ("Жардам" текстинен).

Жогорудагы үзүндүдө Шварцтын баалуулуктар таблицасындагы Универсализм баалуулугунун суб-категорияларынан болгон тынчтыкта, сулуулукка толгон дүйнөнү каалоо, жаратылыш менен гармонияда болуу, айлана-чөйрөнү коргоо баалуулуктары чагылдырылган.

***Филантропия.***

*"Зөөкүрдү чабар камчы бол,*

*Кургак жерге тамчы бол.*

*Дүлөйлөргө кулак бол,*

*Чөлдүү жерге булак бол.*

*Жесирлерге жөлөк бол,*

*Жетимдерге көмөк бол."* ("Арстанбектин ак бата" текстинен)

Жогорудагы үзүндүдө, Шварцтын баалуулуктар таблицасындагы Филантропия баалуулугунун суб-категорияларынан болгон жеке байланышта болгондордун жыргалчылыгына кам көрүү, жардамдашууну жактыруу баалуулуктары чагылдырылгандыгын көрүүгө болот.

***Каада-салт.***

*"- Эми сен барып, ата-энеңин аманчылыгын билгин. Ата- энең тирүү болсо, алардын моокун кандыр. Андан кийин келип, мени ээрчитип кеткиле. Шымаланып сени менен кошо барганымы салт көтөрбөйт, - деди кыз."* ("Кыздын акылы" текстинен)

Берилген үзүндүдө улууларга, ата-энеге болгон ыйбаа, каада-салтка болгон сый чагылдырылган. Бул дагы, Шварцтын баалуулуктар таблицасындагы Каада-салт баалуулугунун суб-категорияларынан болгон ыймандуу болуу, каада-салтты сыйлоо баалуулуктарына шайкеш келгендигин көрүүгө болот.

***Адаптация (ылайыкташуу).*** *"Чукуган сайын «Энем - бактым», «Энем - таалайым», «Энем - нурум» деп, бир жыгылып, бир туруп, нымдуу жерди колу менен чукулай берет. Колу, тырмагы тешилет. Көптөн кийин жылжып, ысык суу чыгат. Чуңкур жасап, энесин ысык сууга жаткырып коёт. Бир аздан кийин энеси терден, мемиреп уктап калат."* ("Эне" текстинен)

Жогорудагы үзүндүдө, баланын энеге болгон сүйүүсү, мээрими, камкордугу, эненин жыргалчылыгы үчүн аракети чагылдырылган. Бул дагы, Шварцтын баалуулуктар таблицасындагы Адаптация (ылайыкташуу) баалулугунун суб-категорияларынан болгон элпек болуу, ата-энеге камкордук баалуулуктарына шайкеш келгендигин көрүүгө болот.

***Коопсуздук.*** "*Лиза шаарга келгенине өкүндү, анткени атасын өлтүргөн немецтер көчөлөрдө топтошуп жүрүптүр. Лизанын каны кайнап, жини келди. Бирөөнү барып тиштеп, муштап өлтүрсөм деген ой Лизаны сүйрөдү. Бирок Лиза өзүн-өзү токтотту."* ("Кызыл желек" текстинен)

Берилген үзүндүдө Шварцтын баалуулуктар таблицасындагы Коопсуздук баалуулугунун суб-категорияларынан болгон улуттук коопсуздук, коомдук тартиптин болушун каалоо, патриотизм баалуулуктары чагылдырылгандыгын көрүүгө болот.

## Жыйынтык, талкуу жана сунуштар

6-класстар үчүн "Кыргыз тили" окуу китебинде орун алган тексттердин Шварцтын баалуулуктар топтому таблицасына жараша талдануусу максатталган бул изилдөө ишинде, жалпы жонунан 28 текст анализденген.

Изилдөөнүн жыйынтыгында, аталган окуу китебинде орун алган тексттерде Шварцтын баалуулуктар топтому таблицасы боюнча адаптация (ылайыкташуу), универсализм, каада-салт жана коопсуздук баалуулуктары көбүрөөк камтылгандыгы аныкталган. Бул жыйынтык менен, окуучунун коомдук нормаларды сактаган жана күтүүлөрүн орундаткан; коомго пайда алып келүүгө умтулган; кайрымдуу; толеранттуу; адамдардын жыргалчылыгы жана жаратылыштын коопсуздугуна кам

көргөн; дининин жана элинин салттуу маданиятынын кээ бир үрп-адаттарын жана идеяларын кабыл алган, аткарган жана сыйлаган; коомдун коопсуздугу, тынчтыгы жана туруктуулугу үчүн күрөшкөн патриот жаран болуп тарбиялануусуна көбүрөөк маани берилгендиги көрүнүп турат. Бул жыйынтык, Кыргыз тилинин программасында (2018) белгиленген милдеттерге шайкеш келгендигин көрүүгө болот. Программанын баалуулук милдети "*Окуучуну эне тилин улуттук улуу дөөлөт, сыймык, маданият катары кабыл алып, аны тарыхый-руханий мурас деп таанып, аны менен сыймыктанууга, коргоого жана колдонууга көнүктүрүү. Эне тили аркылуу улуттук баалуулуктарды, жалпы адамзаттык рухий дөөлөттөрдү өздөштүрүүгө, барктап-баалоого үйрөтүү*" – деп белгиленген (Кыргыз тили программасы, 2018). Учурда, дүйнө динамикалуу өнүгүп жаткан учурда улуттук нарктуулукту, баалуулуктарды терс таасирлерден сактап калуу максатында улутман, мекенчил жана көп маданияттуу окуучуларды тарбиялоо негизги орунда турат (Эргешали кызы & Айдарова, 2013). Изилдөөнүн дагы бир жыйынтыгы катары, окуу китебинде стимуляция, күч жана гедонизм баалуулуктарына эң аз орун берилгендиги аныкталган. Бул жыйынтык окуучунун жашоого чакырык таштаган; жаңычылдыкка умтулган; коомдук бийликке ээ, бай, коомдо өзүнүн социалдык ордун тапкан жана аны татыктуу коргогон, эл тарабынан кабыл алынган; жашоодон ырахат алууга, анын даамын татууга, сүйүүгө умтулган бир инсан болуп тарбияланышына анчейин маани берилбегендиги катары интерпретациялоого болот.

Алынган жыйынтыктарга таянып, төмөндөгүлөрдү белгилөөгө болот: баалуулуктарга болгон көз караштары орной баштаган орто мектеп окуучуларынын окуу китептерине киргизиле турган тексттер, баалуулуктарды камтуу өзгөчөлүгүнө ылайык тандалып, даярдалышы керек. Мындан тышкары, баалуулуктардын окуу китептеринде камтылышы, аларды талдоо ыкмалары жана белгиленген баалуулуктарды үйрөтүү, өткөрүп берүү жолдору тууралуу көрсөтмөлөрдүн орун алышы сунушталат. Албетте, бул контекстте, коомдун баалуулук муктаждыктарын да эске алуу керек. Мындан тышкары, окуу китептеринин авторлоруна жана басып чыгаруучуларына, окуу материалдарында баалуулуктарга тең салмактуу орун берүү сунушталат. Окуу китебине, адабий текст болобу, маалымат берүүчү текст болобу же ыр болобу, улуттук жана бүткүл адамзаттык баалуулуктарды камтуусу сунушталат. Мындан тышкары темага байланыштуу изилдөө иштеринин көбүрөөк жүргүзүлүүсү, башка предметтик окуу китептеринин класстык деңгээлдерине ылайык баалуулуктарды камтуу контексинде анализденүүсү сунушталат. Себеби, Тугаринов (1998) акыйкат белгилегендей, адамдын баалуулуктар системасы анын дүйнөгө болгон мамилесинин «пайдубалы» болуп эсептелет.

## Этикалык билдирүү

*«6-класс "Кыргыз тили" окуу китебин баалуулуктарды камтуу контекстинде анализдөө»* аттуу изилдөөнүн жазылуу процессинде илимий эрежелер, этика жана шилтеме берүү эрежелери сакталган. Топтолгон маалыматтар боюнча эч кандай бурмалоо жасалган эмес жана бул изилдөө башка академиялык басылмаларга жөнөтүлгөн эмес.

## Изилдөөчүлөрдүн салым кошуусу боюнча пайыздык баяндамасы

Изилдөөчүлөрдүн кошкон салымдары тең болуп эсептелет.

## Конфликт боюнча

Изилдөөдө эч кандай конфликт потенцсиалы жок деп эсептелет.

## Колдонулган адабияттар

Altun, R. (2015). Fen lisesi ve İmam Hatip lisesi öğrencilerinin değer yönelimleri (Samsun örneği). *Gaziosmanpaşa Üniversitesi İlahiyat Fakültesi Dergisi*, Sayı:2, 195-224.

Kuşdil, M. E. ve Kağıtçıbaşı, Ç. (2000). Türk öğretmenlerinin değer yönelimleri ve Schwartz değer teorisi. *Türk Psikoloji Dergisi*, 15(45), 59-76.

Küçük, N. (2016). Schwatz'ın "Değer Yönelimleri Ölçeği" ile Türkiye'deki öğrenciler üzerine yapılmış olan bazı araştırma bulgularının değerlendirilmesi. *Akademik Bakış Uluslararası Hakemli Sosyal Bilimler Dergisi*, (57), 280-296.

Özgür, E. (2013). Yaşa göre değer farklılıkları ve siyasi kuşak aidiyeti. *İstanbul University Journal of Sociology*, 3(26), 45-76.

Rokeach, M.(1973). *The nature of human values*, The Free Press, NY.
Şakiroğlu, Y. (2020). 6. sınıf Türkçe ders kitabının değer aktarımı bağlamında incelenmesi. *Türkiye Eğitim Dergisi*, 5(1), 145-161.
Şimşek, H. ve Yıldırım, A. (2011). *Sosyal bilimlerde nitel araştırma yöntemleri*. İstanbul: Seçkin Yayınları.
Yılmaz, M. ve Korkmaz, C. (2017). 1-5. sınıf Türkçe ders kitaplarındaki metinlerin içerik açısından değerlendirilmesi. *Mustafa Kemal Üniversitesi Sosyal Bilimler Enstitüsü Dergisi*, *14*(38), 111-130.
Кадочникова Э.А (2005). *Культура: язык и искусство* М: 2005. (Kadochnikova, E.A (2005). *Culture: language and art* M: 2005)
Кадырова, Т. (2020). Мектепке чейинки балдарга бүткүл адамзаттык баалуулуктарга багытталган билим берүү. *Известия ВУЗов Кыргызстана*, (4), 207-211. (Kadyrova, T. (2020). The possibility of providing preschool children with education focused on universal values. *Izvestiya VUZov Kyrgyzstana*, (4), 207-211.)
*Кыргыз тилинин программасы: окутуу кыргыз тилинде жүргүзүлгөн орто мектептердин жана гимназиялардын V - IX класстары үчүн* (түз.: Б. Өмүралиев, С.Үсөналиев, В.И. Мусаева, Н. Абдесов, Б.А. Абдухамидова). – Бишкек, 2018. (*Kyrgyz language program: teaching in Kyrgyz language for grades V - IX of secondary schools and gymnasiums* (Ed.: B. Omuraliyev, S. Usonaliev, V.I. Musaeva, N. Abdesov, B.A. Abdukhamidova). – Bishkek, 2018.)
Суранова, Н. Р. (2013). Кыргыз тили сабагында текстти колдонуунун тарыхынан. *Вестник Бишкекского гуманитарного университета*, (3), 282-283. (Suranova, N. R. (2013). From the history of using the text in the Kyrgyz language class. *Bulletin of Bishkek Humanities University*, (3), 282-283)
Тугаринов В.П. *Избранные философские труды*. - Л., 1998. - С. 271. (Tugarinov V.P. (1998). *Selected Philosophical Works*. - L., 1998. - p. 271)
Турдугулов, А. Т. (2020). Окуу китептеринин жана программалардын мазмуну менен структурасы. *Известия ВУЗов Кыргызстана*, (3), 165-172. (Turdugulov, A. T. (2020). Content and structure of textbooks and programs. Izvestiya VUZov Kyrgyzstana, (3), 165-172.)
Турдугулов, А. Т. (2022). Окуу китептерине текст тандоонун критерийлерин иштеп чыгуунун дидактикалык шарттары. *Эл агартуу*. №7, 18-35. (Turdugulov, A. T. (2022). Dıdactıc condıtıons development of text selectıon crıterıa for textbooks. *El Agartuu*, (7), 18-35.)
Усубалиева, Н. А. (2015). Роль модернизации содержания учебника при изучении письменной деятельности учащихся. *Известия ВУЗов Кыргызстана*, (7), 182-185. (Usubalieva, N. A. (2015). The role of modernization of the content of the textbook in the study of written student's activity. *Izvestiya VUZov Kyrgyzstana*, (7), 182-185.)
Эргешали кызы. А., & Айдарова, М. Д. (2013). Мектеп окуучуларын көп маданияттуулукка тарбиялоо жөнүндөгү айрым ойлор. *Известия ВУЗов (Кыргызстан)*, (5), 251-252. (Ergeshali kyzy, A., & Aydarova, M. D. (2013). Some ıdeas on ıntercultural educatıon at school. *Izvestiya VUZov Kyrgyzstana*, (5), 251-252.)

## EXTENDED ABSTRACT

As a result of reviewing the literature on the research topic, it was seen that there are no research works conducted in the Kyrgyz scientific literature with the aim of analyzing textbooks in the context of the inclusion of values. Our research is expected to serve as a guide for future research on this topic. In this context, the purpose of the research is to analyze the texts in the Kyrgyz language textbook for 6th grade in the context of values. Within this main goal, the following question was answered:

1. What is the distribution of the values contained in the texts of the Kyrgyz language textbook for the 6th grades in relation to Schwartz's value set table?

Document analysis, one of the qualitative research methods, was used in this study for data analysis. As part of the document analysis, the texts in the Kyrgyz language textbook for the 6th grade, prepared by Sadyk Usnaliev in 2015, were analyzed according to the values they contain. The descriptive analysis method was used in the analysis of the research data. In this context, 28 texts in the 6th grade Kyrgyz language textbook were reviewed one by one and analyzed according to the contained values. The value analysis of the research was carried out according to the criteria in the "Schwartz Value Set Table", which was used to determine values in literary texts and became a separate measurement tool.

Schwartz created a list of 56 values by adding values from the literature to the 36 values in Rokich's (1973) list. Conducted validity and reliability studies on value dimensions by conducting research in 54 countries, including Turkey. As a result of these studies, Schwartz collected values based on the common needs of humanity into ten groups (Power, achievement, hedonism, stimulation, self-direction, universalism, benevolence, tradition, conformity, security) (Kuşdil & Kağıtçıbaşı. 2000). In addition, the cross-cultural validity of this measurement tool has been proven (Altun, 2015). The Turkish version of the measurement tool was taken from the work of Şakiroğlu (2020) and translated into Kyrgyz by the researcher. As for the compatibility of the translation with the Kyrgyz language, the advice of a Kyrgyz-Turkish translation specialist was received, and the final form was ready.

As a result of the research, it was found that the texts in the said textbook contain more values of adaptation, universalism, tradition and security according to Schwartz's value set table. With this result, the student followed the social norms and fulfilled the expectations; seeks to benefit society; benevolent; tolerant; cared for the well-being of people and nature; accepted, performed and respected some customs and ideas of his religion and traditional culture of his people; It is evident that more importance is attached to raising a patriot who fights for the security, peace and stability of the society.

As another result of the study, it was found that the values of stimulation, power and hedonism were given the least place in the textbook. This result can be interpreted as a a result of not paying much attention to the education of the student as a person who challenges life, strives for innovation, has social power, is rich, finds his social image in the society and defends it with dignity, is accepted by the people, and strives to enjoy life, taste it, and love it.

Judging from the obtained results, the texts to be included in the textbooks of high school students, whose views on values are beginning to be established, should be selected and prepared according to the characteristics of values. In addition, it is recommended that educational programs include exhibitions on the placement of values in textbooks, methods of their analysis, and ways to teach and transfer established values. Of course, in this context, the value needs of society should also be taken into account. In addition, authors and publishers of textbooks are advised to give a balanced place to values in teaching materials. It is recommended to include in the textbook, whether it is a literary text, an informative text or a poem, texts that embody national and universal human values. This is because, as Tugarinov (1998) rightly noted, a person's value system is considered the "foundation" of his attitude to the world.